КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**01-июль 2025-жыл № 19** **Совет айылы**

**“Кекилик айылынын тургуну Садиралиева Мираида Садиралиевнанын жеке менчик жеринде жайгашкан мечитти муниципалдык менчикке өткөрүп алуу жөнүндө”**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 20.06.2025-жылдагы № 01-17/446 сандуу каты, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 188-235 беренелеринин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик мүлк жөнүндө” мыйзамынын 7-беренеси, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 35-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесинин негизинде Кекилик айылынын тургуну Садиралиева Мираида Садиралиевнанын жеке менчик жеринде жайгашкан мечитти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү максатында, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү IX-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кекилик айылынын тургуну Садиралиева Мираида Садиралиевнанын жеке менчик жеринде жайгашкан, жалпы аянты 0,04га болгон мечиттин имаратын жана тиешелүү жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жер адис А.Акматкуловдорго милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**